# ЭМКИ СӨЗҮМ ИСХАК РАЗЗАКОВ ЖӨНҮНДӨ

***(Сталин, Хрущев, Горбачевдер жөнүндөгү китептен үзүндү)***



***Раззаков ким эле дегенде – ал акылман, ардактуу адам дейт элек, адегенде Өзбекстанда чоң кызматтарда атактуу болуп жүрүп, Кыргыз Республикасынын жетекчилигине дайындалган.***

Адегенде Совет Министрлигинин төрагасы, андан кийин партиянын Борбордук Комитетинин биринчи секретарлыгына ишке жиберилген. Исхак Раззаковго мен мүнөздөмө берүүдөн алысмын.

Бирок 1955-жылы Борбордук Комитет Бюросунда мени бекиткенде эл катары ийгиликтерди каалаган. И.Раззаков өткөргөн пленум, актив, республикалык жыйналыштарында алдыңкы чарбанын жетекчиси катары баарына катышып жүрдүм. Менин берген баам боюнча, ал кыргыздын багына жаралып калган адам, аны жалаң эле Кыргызстанда эмес, Союз боюнча, а түгүл дүйнө билиптааный турган акылман. Мисалы, алабарман, эч кимге баркы, даңкы жок жетекчи Н.Хрущев аны кызматтан ооштурганда, ошол эле күнү түнкү Кытай радиосу Сталиндин акыркы кадры кетти деп берген. И.Раззаков эл үчүн кыргыздын Ленини деп атоого татыктуу адам эле.

Республикалык чоң жыйындарда И.Раззаков сүйлөп жатканда залдан чымын учса угулуп турар эле. Кеменгер, акылман, аша чечендик жайы да бар болучу. Кыргызда мындай адамдар 100 жылда эмес, миң жылда бир жаралышы мүмкүн.

Күндөрдүн биринде санаторийге кире калсам (пропускасы эле өз үйүмдөй кирип чыга берчү элем) ошол жерден И.Раззаков менен бет маңдай чыгып калсам болобу. Ал кишини алыстан президиумдан гана көрүп жүргөм. Эртең мененки саат ондо жайлоого чыгалы деп макулдаштык. Бөксө тоодо бир чабандын үйүнө козу союп, коньяк, шампан алып меймандап калдык. Эт желип бүтүп, кетээринде шампан бөтөлкөгө кымыз куюп берүүнү суранганда ага куюп узаттым. Жанындагылар менен Совминдин санаториясына жеткирип койдук.

Эртеси эртең мененки саат ондо айтылган убакта ал жаткан бөлмөгө кирсем, Исхак Раззаковдун колунда толтура шампан бөтөлкөдөгү кымыз, бир колунда пияла бар экен. "Келиң, келиң" – деп кичипейилдик менен пиялага кымыз куюп мага сунду. Ал пияла кымызды атайы даам сыздырып жаткандан кийин, так алып ичип жибердим. Ал киши да чакырып тамак бергендей ыраазылыкта калды. Ошентип, Исхак Раззаковдун колунан даам сызгамын.

Ал эми Тегерек тоодо, боз үйдө мейманчылыкта сыртка чыгып, тоо ичинде атка минип ары-бери бастырдык. Ал жерге Раззаковдун баласы да келди. Энеси түспөлдүү бала экен, ошол кезде келинчеги менен ажырашканы жүргөнү белгилүү болду. Эртең мененки ондон кечки төрт-бешке чейинки эс алуу убагында мен бул залкар адамдын сөзүн, добушун угуп, бирге атчан бастырып, ичимден өтө ыраазы болдум.

Аны меймандап алып жүргөндө борбор шаардан Чокоев деген өкүл кошо коштоп келген экен. Бирок ал да жок. Же бир министр же район башчыларынан дым эткен бир киши көрүнбөдү. Раззаковду бир да бирөө жандабады.

Кийин ойлосом, чамасы Усубалиевден коркуп бирөө да келбесе керек. Жалгыз санаторийдин директору Хандогин гана билди. Менин бул ишимди Усубалиев билсе эмне болмок деген да ойго келиптирмин.

Ошол кезде Исхак Раззаков пенсияга чыгып, бош жүргөнүнө кыйла убакыт болгон экен. Ага кыргыз аксакалы катары көлгө же бир жерге үй салып берип, "кирип жашаңыз, эми эс алыңыз" – деген болсо, чыныгы мекенчил адамга кылган адамгерчилик болоор эле. Акыры кеч да болсо сөөгү Кыргызстанга келгенине каниет этебиз.

Эми мен сунуш кылаар элем, Раззаковдун 100 жылдык юбилейине шаардагы Октябрь районун Раззаков району деп атаса, экинчи - аянттагы жумуртка баскан аялды алып таштап, ордуна Раззаковдун туруп турган бою менен эстелиги орнотулса эң туура болоор эле.

***Жусупбек уулу Жумасан* НАЙЗАБЕКОВ**